«БЕКИТЕМИН»
К. Карасаев атындагы Бишкек
мамлекеттик университетинин
илимий иштер боюнча проректору
ф. и. д., профессор Мурзахметова Г. М.

________________________

5-декабрь 2024-жыл

Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий - гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасына жетектөөчү мекеме К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасынын

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы мезгилде жүрүп жаткан ааламдашуу шарттарында дүйнө өлкөлөрүнүн маданий-гуманитардык жааттагы кызматташтыгы артыкчылыктуу мааниге ээ болуп, саясий жана экономикалык мамилелер менен бир катар тышкы саясаттын үчүнчү өлчөмү катары бааланууда. Дал ушул мамилелер аркылуу мамлекеттер менен эл аралык уюмдар эл аралык аренада артыкчылыктарга ээ болуп, позитивдүү имидж жаратышууда.

Белгилгилүү болгондой, маданий-гуманитардык кызматташтык – мамлекеттердин маданият, билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, маалыматтык технологиялар, спорт, массалык маалымат каражаттары (ММК), туризм, жаштар чөйрөсү ж.б. тармактардагы кызматташуусу болуп саналат. Ошол эле учурда, «маданий-гуманитардык саясат», «маданий дипломатия» жана «жумшак күч» сыяктуу факторлор диссертацияда маданий-гуманитардык кызматташуунун максаттарына жетүүнүн натыйжалуу куралы катары каралууда.

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 04-8/66
«9» 12 2024 г.

Анткени, мажбурлоо саясатына караганда жагымдуу жүргүзүлгөн саясаттын негизинде маданий-гуманитардык багыттагы иш-чаралар көбүрөөк ишке ашырылып, өз ара түшүнүшүү жана сый-урмат мамилелерин калыптандырат.

Белгилей кетүүчү маселе болуп, аталган уюмдун ишмердүүлүгүнүн 2001-жылдан бери уланып келе жаткандыгына карабастан, маданий-гуманитардык байланыштар 2007-жылдан тартып гана иш жүзүнө ашырыла баштагандыгында. Уюмдун мүчө мамлекеттеринин маданий кызматташуусун жөнгө салган негизги документ болуп 2007– жылдын 16 -августунда Бишкекте кабыл алынган ШКУга мүчө-мамлекеттердин ортосундагы маданий-гуманитардык тармактагы кызматташтык жөнүндөгү макулдашуу эсептелет.

Келишимде, өзгөчө көңүл өсүп келе жаткан жаш муундарга бурулууда. Буга чейин 2006-жылы ШКУнун ишмердүүлүгүндөгү стратегиялык актуалдуу багыт катары Жаштар Кеңеши түзүлгөн.

ШКУга мүчө мамлекеттердин маданий-гуманитардык кызматташтыгы 23 жылдын ичинде зор тажрыйбага ээ болду жана Евразия мейкиндигиндеги жашаган элдер менен мамлекеттердин ортосунда өзүнүн кадыр-баркын жана таасирин кеңейтти.

Коюлган маселенин актуалдуулугу диссертациянын киришүү бөлүгүндө негиздүү берилген. Аталган тема боюнча илимий иштер жазылганы менен жетиштүү деңгээлде изилденген эмес.

**2. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.** Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы илимий-практикалык жыйынтыктарды чыгарган:

**1- жыйынтык.** Изилдөөчү илимий изилдөөсүнүн тарыхнаамасын 4 топко бөлүп караган: Биринчи топко - Россия Федерациясынын (мындан ары РФ) илимпоздорунун, саясат таануучуларынын, серепчи, аналитиктердин эмгектери. Экинчи топко – Түштүк Чыгыш Азия (Кытай, Индия, Япония ж.б.) окумуштууларынын илимий эмгектери. Үчүнчү топко - Америка кошмо штаттары жана Евробиримдик өлкөлөрүнүн изилдөөчүлөрүнүн эмгектери. Төртүнчү топко - Борбордук Азия республикаларында окумуштуулардын, аналитиктердин эмгектери киргизилип, аларга мүнөздөмө берген.

Кыргызстандын Шанха кызматташтык уюмунун алкагындагы маданий-гуманитардык кызматташтыгына объективдүү баа берүү менен талдоого алынган. (I бап)

**2-жыйынтык.** Диссертациялык иште изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы менен бирге булактык базасын талдоого алган. Изилдөөчү илимий ишти жазууда негизги илимий методологиялык ыкмалардын ичинен коомдук илимдердеги теориялык жана методологиялык ыкмалар колдонулган. Азыркы учурда тарых жана башка илимдердин алкагында изилдөө жүргүзүү объективдүүлүк, тарыхыйлуулук (историзм), салыштыруучулук, типологиялык, далилдөөчүлүк ар тараптуу илимий ыкмаларды да колдонгон. Изилдөөдө коюлган максат менен милдеттерге ылайык колдонулган тарыхый булактар беш топко бөлүнгөн. Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө мамлекеттери менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгын изилдөөдө жетиштүү булактык базаны илимий айлампага киргизген. Изденүүчү тарабынан изилдөө ыкмалары туура колдонулган (II бап).

**3-жыйынтык.** Шанхай кызматташтык уюмунун алкагындагы маданий-гуманитардык алакалардын башталышы, укуктук-ченемдик документтери каралган. Кыскасы, 2008-жылга чейин аталган уюмдун укуктук негиздеринин түптөлүшү, маданий кызматташуу чөйрөсүндө туруктуу негизде өткөрүлүп жаткан маданият министрлеринин жолугушууларынын – эксперттик механизмдеринин түзүлүшү аныкталган. Ал эми, 2008-2013-жылдары ШКУнун алкагында маданий кызматташтыктын укуктук базасы таризделип, искусство фестивалдарына, көргөзмөлөргө жана кинофестивалдарга катышуусунун активдешүүсү талданган. (III бап, I жана II бөлүмдөр)

**4-жыйынтык.** Билим берүү, илим жана саламаттыкты сактоо тармагында Кыргызстандын Шанхай кызматташтык уюмунун мүчө өлкөлөрү менен интеграциялык процесстерин изилдөөгө алган. *Билим берүү* чөйрөсүн өзүнө камтыган гуманитардык кызматташтык коомдун өнүгүүсүнүн негизинде мүчө мамлекеттердин элдеринин ортосундагы узак мөөнөттүү, туруктуу, түбөлүк достукту камсыз кылуусу ачып берилген. Билим берүү жана илим жаатындагы

алакалардын жетишкендиктери, Кыргыз Республикасы үчүн тийгизген таасири жана пайдасы талданып, ачып берилген. (IV бап, I жана II бөлүмдөр)

**5-жыйынтык.** Саламаттыкты сактоо багытындагы кызматташтыктын 2006-жылдан башталып, калктын санитардык эпидемиологиялык бейпилдигин камсыздоого жооп берген эксперттик топ 2007-жылдын тартып иштей баштаганы берилген. Анда мүчө мамлекеттердин жугуштуу ооруларга мониторинг жүргүзүү чөйрөсүндө кызматташуу, лабораториялык тармактардын потенциалын өстүрүү, кадрларды даярдоо, ВИЧ-инфекциясына жана кургак учукка каршы күрөшүү жана башка багыттар боюнча аракеттерди координациялоого умтулуулары чагылдырылган. (IV бап, I бөлүм)

**6-жыйынтык.** Жаштар кеңешинин уюшулушу жана ишмердүүлүгү каралган. ШКУнун жаштар кеңешинин негизги максаты - уюмдун саясатынын үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу менен бирге анын миссиясын ишке ашырууга салым кошо турган жаш инсанды тарбиялоо болуп саналат. Учурдагы көп полярдуу мезгилдеги Шанхай кызматташтык уюмунун Жаштар кеңешинин стратегиялык маанисин жана ишмердүүлүгүн көрсөткөн. Уюмдун Жаштар кеңешинин миссиясын, анын ичинде өлкөбүздүн атынан иш алып барган Кыргызстандын жаштар уюмунун иш-чараларын аныктаган. (IV бап, III бөлүм)

**3. Диссертациялык изилдөөдө чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

**1-жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын уюмга мүчө мамлекеттер менен маданий-гуманитардык тармактагы кызматташтыгын үч этапка бөлүп, көрсөткөн: биринчи этабында – укуктук-ченемдик базанын калыптанышын; экинчи этапка – кызматташтыктын жаңы тармактарга жайылышын; үчүнчү этапка – уюмдун алкагынын кеңейиши жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушун ачып берген.

**2-жыйынтык.** Кыргыз Республикасы менен Шанхай кызматташтык уюмунун мамлекеттеринин ортосундагы көп тараптуу форматтагы маданий-

гуманитардык алакаларынын өнүгүүсү 2007-жылдан башталып, ал эми 2015 - 2023-жж. аралыгында маданият, билим берүү, илим, массалык маалымат каражаттары, туризм, спорт, экология ж.б. тармактарында ШКУнун ишмердүүлүгүнүн кеңейиши менен практикалык түрдө ишке ашырылгандыгы аныкталган.

**3-жыйынтык.** Кыргызстан менен Шанхай кызматташтык уюмуна мүчө мамлекеттердин ортосундагы активдүү эки тараптуу жана көп тараптуу маданий байланыштар элдердин руханий жана материалдык мурастары менен тереңирээк таанышууга мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда “маданий дипломатия” аспектиси уюмдун өлкөлөрүнүн маданий кызматташтыгында маанилүү орунду ээлейт.

**4-жыйынтык.** Учурдагы болуп жаткан ааламдашуу процесстеринин доорунда улуттук баалуулуктарды сактоо жана тарыхый эстеликтерди коргоо проблемалары аталган уюмга мүчө ар бир өлкөнүн маданий идентүүлүктүн маанилүү багыттарынын бири катары актуалдуу болууда.

**5-жыйынтык.** Шанхай кызматташтык уюмунун ишмердүүлүгүнүн мындан ары өнүгүүсү үчүн Жаштар кеңешинин ишмердүүлүгү уюмдун мүчө мамлекеттери үчүн стратегиялык мааниге ээ. Уюмдун Жаштар кеңешинин курамына ар бир мүчө мамлекеттин улуттук жаштар уюмдары кирет. Жаштар кеңештин мүчөсү катары Кыргыз Республикасынын атынан Кыргызстандын Жаштар коомдук кеңеши эсептелинет.

**6-жыйынтык.** Уюмдун алкагында кытай тилин үйрөнүү, кытай маданиятын жайылтуу, академиялык өз ара алмашуу, студенттердин мобилдүүлүгү, тармактык университеттерди жана Шанхай кызматташтык уюмунун университеттери аркылуу адистештирилген университеттердин ассоциацияларын түзүү жигердүү жүргүзүлүүдө, бирок тилекке каршы бул процесс негизинен бир жактуу ишке ашууда. Мисалы, чакан өлкөлөрдүн мамлекеттик бюджетинин чектелүү болгондугуна байланыштуу, академиялык мобилдүүлүк жаатында ал өлкөнүн катышуусу чектелүүдө.

**4. Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү:**

Шаршенбек кызы Айперинин диссертациялык изилдөөдөгү негизги бүтүмдөр жана жалпы тыянактар Ата Мекен тарыхы, жалпы тарых, Шанхай кызматташтык уюмнун тарыхы, азыркы эл аралык мамилелер тарыхы сыяктуу көйгөйлөрдү изилдөөдө, окуу куралдарын түзүүдө жана ушул теманын алкагында салыштырма изилдөөлөр жүргүзүлгөн илимий чөйрөлөрдө колдонууга болот.

**5. Диссертациялык иштин негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талааптарына ылайык рецензияланган илимий, басылмаларда жарыяланган 10 илимий макалада чагылдырылган.

**6. Авторефераттын диссертациялык иштин мазмунуна дал келиши:**

Шаршенбек кызы Айперинин “Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы кандидаттык диссертациясынын автореферaты дисссртациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине жооп берет. Анын басылмасы Кыргыз Республикасынын улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык даярдалып, кыргыз, орус, жана англис тилдеринде резюме берилген.

**7. Диссертациялык иштин мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.**

Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий - гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар төмөнкүдөй кемчиликтери аныкталды:

1. Диссеретациянын көлөмүн азайтуу зарыл, кандидаттык диссертация 160 беттен ашпашы керек.
2. Ссылкаларды талапка ылайык жасоосу шарт.
3. Адабияттардын тизмесин ирээтке келтирүү зарыл.

**8. КР УАКтын диссертацияларга коюлган талаптарга жооп бериши.**

Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы кандидаттык диссертациясы өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасы Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз Республикасынын Шанхай кызматташтык уюмунун өлкөлөрү менен болгон маданий-гуманитардык кызматташтыгы” деген темадагы кандидаттык диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли, жабдылышы Кыргыз Республикасынын Окумушутуулук даражадарды берүү жөнүндөгү Жобонун 11 пунктунда белгиленген «билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши» квалификациялык белгисине туура келет деп белгилейт. Диссертациялык иштин мазмуну илимий жоболорду, изилдөөүн жыйнактары жана анын жасалгалоосу Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана изденүүчү Шаршенбек кызы Айперинин 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы»

кафедрасынын 2024-жылдын 5-декабрында өткөн атайын отурумунда талкууланып, кабыл алынды (протокол № 5).

**Талкуучуга катышкан окумуштуулардын тизмеси:**

1. Д. Б. Сапаралиев - «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасынын башчысы, т. и. к., (07.00.02) профессордун м. а., төрага;
2. Р. С. Бейсебаев - Кыргыз-кытай факультетинин башчысы, д. и. н., (07.00.02) профессор;
3. Т. Т. Машрапов - Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин деканы, т. и. к., (07.00.02) профессордун м. а.;
4. Т. М. Рыскулов - т. и. к., (07.00.02) доцент;
5. Т. О. Бейшеналиев - т. и. к., (07.00.02) доцент;
6. К. Ш. Бийлибаев - т. и. к., (07.00.02) доценттин м. а.;
7. М. М. Бегалиев – ага окутуучу;
8. А. Ж. Арзыматова - ага окутуучу;
9. Н. Г. Жантелиева - ага окутуучу;
10. Н. А. Алмазова – катчы.

К.Карасаев атындагы БМУнин Кыргызстандын
жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы
кафедрасынын башчысы, т. и. к.,
профессордун м. а. Д.Б. Сапаралиев
Катчы Н.А.Алмазова

КОЛУ[illegible]АСТЫКТАЙМЫН
ПО[illegible]СЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«5» 12 2024 ж.